Алтымыш негизги мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы усулдук кеңештин протоколу.

22.09.2021.

Протокол №1.

Бардыгы: 13.
Катышты: 12.

Кун тартибинде:

1.Усулдук кеңештин иш планын бекитүү.

2.Бирикме жетекчилерин,класс жетекчилерди ,насаатчыларды дайындоо .

3.Мугалимдердин кесибин жогорулатуунун мазмунун , формаларын аныктоо, 5-класстын окуучуларынын калыптанышын көзөмөлдөө боюнча топ түзүү
4.Башталгыч класстардын окуу техникасынын текшерүү.
5.Старттык текшерүү иштерин көзөмөлдөө.

Кенешмени мектептин даректору Джусупова Н.С. ачып,кун тиртиби менен тааныштырды.Бүгүнкү кенешмеде бирикме жетекчилерин,класс жетекчилерди жана жаш мугалимдерге насаатчы дайындалат.
Абдыкадырова А.Д.сүйлөдү.Ал мындай сунуш кылды.
1.Так илимдер бирикмесинин жетекчиси Султанова Р.Т.
2.Гуманитардык илимдердин бирикмесине Орозобекова Ж.А
3.Башталгыч класстардын бирикмесине- Орозалиева Д.М.
4.ИЗО.дене тарбия,колэмгек-Сарыбаев С.А. боюнча эле калтырсак деп ойлойм.
1-кл.- кл.жет. Абдыкеримова Г.
2-кл - кл.жет. Абдулканова Э.
3-кл.- кл.жет. Мокеева Т.
4-кл.- кл.жет. Орозалиева Д
5-кл.- кл.жет. Мокушева А.
6-кл. – кл.жет. Орозобекова Ж
7-кл.- кл.жет. Сарыбаев С
8-кл.- кл.жет. Абдыкадырова А.
9-кл.- Султанова Р пед советтин чечими менен класс жетекчиликке дайындалышты.

Ар бир предметтик бирикме өз пландарыныздарды даярдап бекиттириниздер
Жаш мугалим Абдыкеримова Гүлзатка - Абдулканова Эльнураны
Жылдызбек уулу Бексултанга Абдыкадырова Айгүл эжени,
Мамбетказиев Нариске- Сарыбаев Сагынбек агайды , ал эми Сагынбек кызы Айзадага- Орозобекова Жазгүл эжейди көрсөтүп жатабыз, буга баарынар каршы эмес болушуңар керек.
2.Экинчи суроо боюнча Джусупова сүйлөдү:
Метод бирикменин планын түзүп ,мугалимдерге тааныштырды.
Жыл башында сөзсүз старттык текшерүү иштер алынат .Тесттерди текшерүү иштеринерди даярдап 25- сентябрга чейин өткөргүлө.Башталгыч класстардын окуу техникасы көзөмөлгө алынып текшерилди . Текшерүүнүн жыйынтыгында окуучулардын окуу техникасы начар көрсөткүчтөрдү көрсөттү. Жыл ичиде окуу техникасын жакшыртуу иши жүргүзулсүн. Старттык текшерүү иштерине анализ жүргүзүп ката жана проблемалардын үстүнөн иш жүргүзгүлө.

Перспективдүү пландын графиги менен тааныштырып быйылкы окуу жылында жогорулатуу курсуна бара турган мугалимдердин тизмеси айтылды.

Быйыл 5-класстардын окуучулары жаңы класс жетекчиге жаңы, таанybаган мугалимдер менен предметтерге көнүүсүнө жакшы көңул буруу керек экендиги айтылды. Баалоодо өзгөчө кылдаттык менен көңул буруу мугалимдерге милдеттендирилди.

Жогоруда айтылгандардын негизинде чечим кылынды:

1.Алтымыш негизги мектебинин метод бирикменин иш планы бекитилсин.
2.Класс жетекчилер,предметтик метод.бирикменин жетекчилери бекитилсин.
3. План боюнча берилген тапшырмалар өз убагында аткарылсын.
4. Перспективдүү пландын графиги түзүлүп, бекитилсин.

Катчы: Султанова Р.Т.
Мектеп директору: Джусупова Н.С.

Протокол № 3

24.10.21. Бардыгы: 13

Катышты: 11

Кун тартиби:

1.Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын текшерүү.
2.Физика,эмгек,черчение,көркөм өнөр сабактарынын декадасынын өткөрүлүшүн текшерүү боюнча маалымат.
3.1-жарым жылдыкта метод бирикмелердин ишинин натыйжалуулугу.
4.Жаш мугалимдер үчүн семинар « Сабактын тиби жана формалары».

Кенешмеде Джусупова Н.С. кун тартиби менен тааныштырды.
Мугалимдердин документациясын текшерүүдө жыйынтык төмөнкүдөй болду.
Мугалимдердин баарында жаңы окуу жылына предметтери боюнча программалары, стандарттары жана календардык пландары бар жана толук бир-бирине дал келет. Көп мугалимдердин күнүмдүк сабактын планы бир жылга даяр жазылган.
Класстык журналдар өз убагында туура толтурулган. Сабактарга көрсөтмө куралдары бар.
Ошондой эле физика сабагы боюнча Султанова Р , көркөм өнөр жана эмгек сабактары боюнча Сарыбаев С ачык сааттары өтүлүшүнүн жетишкендиктери менен кемчиликтери да айтылды .
1-жарым жылдыкта усулдук бирикмелердин иш пландарынын аткарылышы боюнча текшерүүнүн жыйынтыгында усулдук бирикмелердин иши канаттандырарлык деп табылды. Усулдук бирикмелердин планы боюнча иштердин бары аткарылган, протоколдору, декадалардын иш кагаздары толук.
Төртүнчү суроо боюнча мектептин директору жаш мугалимдерге семинар өткөрдү. Ал сабак деген эмне, анын структурасын эмнелер кирет, сабак структурасынын өзгөрүшү менен кандай тибдерге бөлүнөрүн, сабакты кандай формаларда өткөрсө боло тургандыгын айты. Сабактын тиби жана формасын кенен талдап түшүндүрүп берди. Тажрыйбалуу мугалимдерден чакырып өз тажырыйбасы менен бөлүшүүнү сунуштады. Жаш мугалимдерге айтылгандын баарын жазуу керек экендигин айты.

Чечим кылынды:

1. Мугалимдер тиешелүү иш кагаздарын толуктап такташсын.

2.Жумалаык боюнча аныкталган кемчиликтердин үстүндө иш алып барылсын.

3. Жаш мугалимдерге насаатчылар көбүрөөк көнүл буруп алар менен иш алып барышсын.

Катчы: Султанова Р.Т.

Мектеп директору: Джусупова Н.С.

Протокол № 2

Бардык мүчөлөрдүн саны: 13

18.11.2021-ж Катышканы: 12

Каралуучу маселелер:

1. Зээндуу балдар менен иш алып баруу боюнча көзөмөл.
2. Мектепте предметтик олимпиадаларды уюштуруу.
3. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча мониторинг.
4. Окуу программасынын аткарылышы.
5. Жаш мугалимдер үчүн семинар " Сабактын структурасы , сабакты пландоо жана максат коюу"

Мектепте зээндуу балдар менен иштөө тиешелүү денгээлде жүргүзүлбөй жатат .

Айрым предметтердин планы , журналы бар , иштеген иштери жок же тескерисинче.

Буга олуттуу көнүл буруу зарыл . Абдулкановантын тиешелүү папкасы бар иштеген иши да көрүнүп турат. Калган мугалимдерге эскертүү берем, ушул жуманын ичинде түзүлгөн график менен сабактарыңарга катыша баштайм. Зээндүүлөрдүн папкасында календардык планынар сабагыңардын планы , иштеген ишинердин көрсөтмөлөрү болушу керек. Предметтик олимпиада өткөрүүгө даярдык көрүп , ар бир предметник тапшырмаларынарды даярдап көрсөткүлө. Сабактан кийин калып балдар менен иштешинер керек.

Гуманитардык предметтердин усулдук бирикмесинин декадасы жакшы денгээлде отту.

Орозобекова Ж 6-кл кыргыз адабиятын, англис тилинен Сагынбек к. Айзада , Джусупова Н.С тарых сабагынан ачык сабактарды кызыктуу , көрсөтмөлүү кылып өтүштү.

Кыргыз тили предметинин берилишин текшерүүдө төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.

Сабактар жогорку денгээлде өткөрүлөт, дептерлер ачылган , текшерилип турат .

Мугалим Орозобекова Ж көрсөтмө куралдарды кенири пайдаланат, интерактивдүү методдорду колдонот , окуучулар тарабынан активдүүлүк байкалат. Кошумча сабактарды өткөрүүнүн үстүндө иш алып баруу зарыл.

Чечим кылынды.

1.Зээндүү окуучулар менен иш алып баруусу катуу көзөмөлгө алынсын.
2.Предметтик мугалимдер райондук олимпиядага окуучуларды даярдоо ишин жүргүзүшсүн, жаш мугалимдер үчүн семинарлар күчөтүлсүн.

Катчы: Султанова Р.Т.
Мектеп директору: Джусупова Н.С.